“Макулдашылды”
педагогикалык кеңешме
токтом № 1
“3” “09” 2021

“Бекитемин”
мектеп мүдүрү
Мамышова Т.А.

**Кыргыз Республикасынын Чуй облусунун Аламүдүн районунун Арчалы айылындагы генерал С.Самсалиев атындагы Жогорку-Аларча жалпы билим берүү орто мектебинин окуучуларынын өзүн-өзү башкаруу уюмунун**

**УСТАВЫ**

**Жалпы жобо:**

- Мектептин өзүн-өзү башкаруу уюмунун өз эрки менен саясаттан тышкары формадагы иш алып барууга демилге көтөрө алган окуучулардын курамынан түзүлгөн, мектеп үчүн аткарылуучу төмөнкү тапшырмалары.
- жалпы билим берүүчү орто мектеп окуучуларын ынтымакка чакыруу менен биримдиктүү коом түзүү жана өспүрүмдөрдү өнүктүрүү кыймылы;
- балдардын жана өспүрүмдүрдүн укугун коргоо;
- окуучуларга коомдо ордун табууга, жашоого позициялык көз караштa болууга, чыгармачылык мумкунчулуктөрун ойготуу;
- мектеп окуучулары учун спорт оюндарын, чыгармачылык-жаныртуучу кечелерди уюштуруу иштери;
- жашоонун сергек мунөзун жайылтуу;
- өспурумдөрдун коомдогу баалуу демилгелерин колдоо;
- өспурумдөрдун демилгелүү кыймылына коомду аралаштыруу.

**Максаты:**

- Негизги максаты- жаштарды, өспурумдөрду жалпы адамзаттык дөөлөттөрдүн, дүйнөлүк баалуулуктарды Мекен, Эл алдында

милдеттүүлүктүн, ата-энени, улууларды урматтоо сезимдерин, табият менен таттуу мамиледе болуу;

- Балдар менен өспурумдөрдун жасалма эмес баарлашуусуна шарт түзүү;
- Мектеп окуучуларынын заманбап жашоо шарттарына көндүрүүгө жардам берүү;
- Окуучулардын чыгармачыльж шыгын ойготууга жардам берүү;
- Үлгүлүү жүрүм-турумга тарбиялоо;

Өспүрүмдөрдү чондордун жашоосуна социалдык-психологиялык жактан даярдоо;

Өзүн-өзү башкаруу уюму өз эрки менен, тең укуктуу, мыйзам чегиндеги принципте түзүлөт.

Өзүн-өзү башкаруу уюмунун аткаруучу иштери;

- Мектеп дежурствосуна көзөмөл болушат;
- класстардагы ыктыярчылардын (волонтер) иштерин көзөмөлдөйт;
- жетише албай жаткан окуучуларга («2» алган) жардам беришет;
- класскомдордун класстагы иштерин көзөмөлдөйт;
- ЖСМ (жашоонун сергек мүнөзү) боюнча, зыяндуу көнүмүш адаттардан (тамеки, насывай чегуу, алкогол ичимдиктерин, СПАЙС, энергетикалык суусундуктарды ичүү ж.б. алыс болуу иш-чараларды уюштуруу;
- окуучуларга укуктук, тарбиялык иш-чараларды уюштуруу;
- граждандык коргонуу,техникалык коопсуздук иштерин өткөрүү;
- майрамдарда, спорттук таймаштарда катышуучу окуучуларга көмөк көрсөтүү;
- окуучулардын экскурсия, походдорго баруусун уюштурууга жардамдашат;

- жайкы эмгек парктикасын көзөмөлдөшөт, өткөрүшөт;
- ар кандай тематикада акцияларды, флешмобдорду, дискотекаларды уюштурушат;
- мектепти жашылдандыруу, тазалоо иштерин уюштурушат;
- мектептин ички окуу тартибине, окуучулардын Кодекске баш ийүүсүнө көзөмөл болушат;
- мектептин өзүн-өзү башкаруу күнүн өткөрүшөт.